КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

26.12.2023 ж. № 86/XXV – 2

**Кайыңды шаарынын Мира № 13 көчөсүндө жайгашкан Панфилов райондук балдар искусство мектебин оперативдик башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө**

Кайыңды шаарынын мэриясынын «Панфилов райондук балдар искусство мектебинин имаратын оперативдүү башкарууга өткөрүү жөнүндө» катын карап, бул маселени мурда да каралганына байланыштуу, Панфилов райондук балдар искусство мектеби муниципалдык ишкана эмес экендигин эске алуу менен (мекеме), Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27 – беренесинин, 1 – бөлүгүнүн , 2 – пунктунун, 34 – беренесинин, 2 – бөлүгүнүн, 5 – пунктунун , 2,3 беренелеринин жана Кыргыз Республикасынын “Муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 16 – беренесинин 1 – бөлүгүнүн негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.Панфилов райондук балдар искусство мектебинин имаратын жанаша аймагы менен чарба жүргүзүү укугуна оперативдүү башкарууга өткөрүп берүүгө Кайыңды шаарынын мэриясына макулдук берилбесин.

2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй – Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э.Т. Иманкулов